Каралды:
№94 ЖОББМ
Пед.кеңешменин
2022-ж «29» август

Бекитилди:
№94 директордун М.А
________Ажыгулова К.К
2022-ж «02» сентябрь

**№94 ЖОББ мектебинин илимий-методикалык кеңеши жөнүндө жобо**

**1. Жалпы жобо**

**1.1** .Илимий-методикалык кенеш - мектептин жамаатынын тажрыйбалуу, алдыңкы мугалимдеринен турган, мектепти илимий негизде өзгөртүүгө умтулуп,окуу процессии илимий-методикалык камсыздоо маселелери боюнча мугалимдерди бириктирген, коомдук орган болуп саналат.Билим берүү уюмунун илимий-методикалык кеңешинин негизги максаттары жана милдеттери.

**2.1.** Илимий-методикалык кеңештин максаты - мугалимдердин, методикалык бирикмелердин, чыгармачыл мугалимдердин топторунун натыйжалуу иштөөсү үчүн шарттарды түзүү.

**2.3.**Мектептин илимий-методикалык кеңешинин негизги функциялары:

**Илимий-методикалык кеңеш:**
• илимий, методикалык жана эксперименталдык иштердин планын иштеп чыгат;
• мугалимдерге, усулдук бирикмелердин жетекчилерине кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизет;
• мектептин стратегиялык документтерин иштеп чыгууну, экспертизадан өткөрүүнү уюштурат (өнүгүү программалары, билим берүү программалары, сабактын планы жана башка документтер) жана окуу процессин жакшыртууда мектепти өнүктүрүүнүн негизги багыттарына ылайык сунуштарды киргизет ;
• илимий-методикалык иштин абалын жана натыйжалуулугун талдайт;
• мектептеги инновациялык ишмердүүлүктү баалоо, уюштуруу, ишке ашыруу ыкмаларын иштеп чыгат жана макулдашат;
• мугалимдердин кесиптик чеберчилигин өркүндөтүү боюнча максаттуу ишти уюштурат;
• илимий долбоорлордун жүрүшүнө жана натыйжаларына байкоо жүргүзөт;
• мектептеги инновациялык процесстерди камсыз кылуу боюнча сунуштарды киргизет;

**3. Илимий-методикалык кеңештин курамы**
**3.1**. Илимий-методикалык кеңештин курамына төмөнкүлөр кирет: мектептеги билим берүү процессинин башкаруу кызматкерлери; усулдук бирикме жетекчилери; ишмердуулугунун багыттары боюнча мугалимдердин чыгармачыл топторунун өкүлдөрү.

**4. Илимий-методикалык кенештин жетекчилиги**
**4.1** .Мектептин илимий-методикалык кенешин директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары же усулдук иштер боюнча директордун орун басары башкарат.

**5. Илимий-методикалык кеңештин ишин уюштуруу**
**5.1**. Илимий-методикалык кеңештин отурумдары анын биринчи отурумунда бекитилген

планга ылайык окуу жылынын ар бир чейрегинде бир жолудан кем эмес өткөрүлөт.
**5.2** Окуу жылынын аягындагы отурумда илимий-методикалык иштердин жыйынтыктары чыгарылып, анын кийинки окуу жылына карата иш багыттары аныкталат.
**5.3.** Ар бир илимий-методикалык кеңештин отурумунда протокол жүргүзүлөт.
**5.4.** Катчы илимий-методикалык кеңештин биринчи отурумунда протокол түзүү үчүн шайланат.
**5.5**. Илимий-методикалык кеңештин ишмердүүлүгү тууралуу мектептин педагогикалык кеңешинде отчет берилет.